**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

27.06.2016 № 159 г.Бишкек ш.

**“Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаттары жана төш белгилери менен сыйлоо жөнүндө**

2015-жылдын жана 2016-жылдын 5 айынын жыйынтыгы боюнча экономиканын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкондугу, бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптанышына жигердүү катышкандыгы жана салык мыйзамдарын ак ниети менен аткаргандыгы үчүн, **буйрук кылам:**

1. 2015-жылдагы жана 2016-жылдын 5 айындагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча мыкты салык төлөөчүлөр деп таанылсын жана тиркемеге ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын “Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаты жана төш белгиси тапшырылсын.
2. Уюштуруу иштери жана контролдоо башкармалыгы (Б.С.Каримова) сыйлана турган салык төлөөчүлөргө өз убагында чакыруу жиберсин жана алардын 2016-жылдын 1-июлунда боло турган Кыргыз Республикасынын Салык кызматкерлеринин күнүнө арналган салтанаттуу иш-чарага катышууларын камсыз кылсын.
3. Сатып алуулар жана чарбалык камсыздоо сектору (А.Б.Дуйшеев) тиркемеге ылайык, мыкты салык төлөөчүлөрдүн сертификаттарын жана төш белгилерин даярдасын.
4. Маалыматтык технологиялар башкармалыгы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын WEB-сайтына жайгаштырсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары К.А.Кумашовго жүктөлсүн.

**Төрага** **З.Б.Осмонов**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Мамлекеттик салык кызматынын
“_27_”_июну_ 2015-жыл, №_159_
буйругуна тиркеме

**2015-жылдын жана 2016-жылдын 5 айынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөрдүн тизмеси**

| № | Салык төлөөчүнүн аталышы | Жетекчисинин аты-жөнү | Аймактык аталышы |
|---|---|---|---|
| **Өндүрүш чөйрөсүнөн** | | | |
| 1. | “Эмилия” ЖЧК | Джолоев Дж.Ш. | МСКнын Кара –Буура району боюнча башкармалыгы |
| 2. | “Золотой орех” ЖЧК | Алыбаев Ж.К. | МСКнын Базар-Коргон району боюнча башкармалыгы |
| **Соода жана тейлөө чөйрөсүнөн** | | | |
| 3. | “Уорлд Фьюел Сервисес (КГ)” ЖЧК | Питар Рельич | МСКнын Биринчи май району боюнча башкармалыгы |
| 4 | “Айыл Банк” ААК | Жээнбаева Б.Ж. | МСКнын Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 5. | “Олтрейд” ЖЧК | Евсеенкова Л.П | МСКнын Аламудун району боюнча башкармалыгы |
| 6. | “Бока” ЖЧК | Адылов С.А. | МСКнын Токмок шаары боюнча башкармалыгы |
| 7. | “НК Сервис” ЖЧК | Токтосунов А.Т. | МСКнын Ош шаары боюнча башкармалыгы |
| 8. | Санаторий “Голубой Иссык-Куль” | Батырбекова Л.К. | МСКнын Ысык-Көл району боюнча башкармалыгы |
| 9. | ИП Абдуллаева Х.А. | Абдуллаева Х.А. | МСКнын Ноокат району боюнча башкармалыгы |
| 10. | ИП Ахметова Ж.А. | Ахметова Ж.А. | МСКнын Ысык-Көл району боюнча башкармалыгы |